| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>БАРСКООН АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ | | ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>БАРСКООНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I-чакырылышынын X-кезектүү сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын 05-февралы №5** **Барскоон айылы**

## Муниципалдык жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерин бекитүү жөнүндө

Барскоон айыл аймагында калкка муниципалдык жана коммуналдык кызмат көрсөтүүнүн сапатын көтөрүү максатында, муниципалдык менчиктеги атайын техникалардын кызмат көрсөтүүсүнүн акысын белгилөө боюнча туруктуу комиссиялардын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат**:

1. 2026-жылга карата Барскоон айыл аймагы боюнча катуу калдыктарды жыйноо, чыгаруу жана утилдештирүү үчүн жыйым төмөндөгү өлчөмдө бекитилсин:

- Калктуу конуштардагы кожолуктар үчүн – айына 150 сом;
- Коммерциялык багыттагы, соода-сатык жана тейлөө багытындагы субъектилер үчүн – 500 сомдон 1000 сомго чейин;
- Айыл аймактын аймагындагы билим берүү мекемелери үчүн - ар бир окуучуга жана кызматкерлерине 2 сомдон;
- Айыл аймагындагы ишкана/мекемелер үчүн – ар бир кызматкер үчүн – 2 сомдон.

2. 2026-жылга карата “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасынын балансындагы атайын техникалардын кызмат көрсөтүү акысы томөнкүдөй бекитилсин:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Жүк ташуучу автоунаа | 1 рейске 1500 (бир миң беш жүз) сом | КММ аралыгына жараша |
| 2. | Жүктөгүч (погрузчик) | 1 саатка 2000 (эки миң) сом | 30 литр |
| 3. | Эксковатор | 1 саатка 2000 (эки миң) сом | 30 литр |
| 4. | Ассенизатор машинасы | 1 кубга 1000 (бир миң) сом | |

3. “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Т.Маданбеков:

- Катуу калдыктарды чыгаруу боюнча жыйымдардын толук жана өз мөөнөтүндө жыйналышын уюштурсун;
- Атайын техникалар менен кызмат көрсөтүүнү уюштурсун;
- Жыйналган акча каражаттарынын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышын камсыз кылсын.

4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы-экономикалык маселелер боюнча (А.Букаров) жана жер жана муниципалдык менчик маселелери боюнча (Л.Элебесов) туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска